*Нукешов С.Т.*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА БОЛОЧОК БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН МУГАЛИМДЕРИНЕ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ПРОБЛЕМАЛУУ ОКУТУУ ЗАРЫЛДЫГЫ

*Нукешов С.Т.*

# НЕОБХОДИМОСТЬ ПРОБЛЕМНОГО ОБУЧЕНИЯ В ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ В ВУЗАХ

*S.T. Nukeshov*

# THE NECESSITY OF PROBLEMATIC TEACHING IN VOCATIONAL TRAINING OF PRIMARY SCHOOL TEACHERS IN HIGH SCHOOLS

*УДК.371.3: 53.*

*Макалада, проблемалык окутуу аркылуу окутуучу менен болочок башталгыч класстын мугалимдеринин окуу ишмердүүлүктөрүн жогорку ийгиликтерге жете тургандай уюштурууга боло тургандыгы изилденген.*

***Негизги сөздөр:*** *проблемалык окутуу, проблемалык кырдаал, кесипттик математикалык билим берүү.*

*В статье исследованы организация высокого достижения учебной деятельности преподавателей и будущих учителей начальных классов через проблемное обучение.*

***Ключевые слова***: *проблемное обучение, проблемная ситуация, профессиональное математическое образование.*

*This article reviews the organization of teachers and future primary school teachers' high achievements through problematic teaching.*

***Key words:*** *problem teaching, problem situation, professional mathematics education.*

Болочоктогу башталгыч класстардын мугалимдерине кесиптик математикалык билим берүүнүн мазмунун жакшыртуу жана жаңыланып турушу бул аякталбай турган процесс. Жогорку окуу жайларында кесипке даярдоодо студенттердин проблемалык методдорду болочоктогу кесиптик ишмердүүлүктөрүндө колдоно билүү билгичтиктерин калыптандыруу негизги маселелерден болуп саналат.

Бул жөнүндө И.Б. Бекбоев төмөндөгүдөй дейт: «Проблемалык окутуу - окутуу практикасын кескин түрдө өркүндөтүү зарылдыгына карата мектептердин алдына курч түрдө коюлуп олтурган жаңы талаптарга ылайык өлкөбүздүн чыгармачылык менен эмгектенишкен мугалимдери жана илимпоз дидакттары тарабынан акыркы жылдардын ичинде өзгөчө эффективдүү иштелип жаткан өнүктүрүүчү окутуунун негизги бир жолу» [1].

К.М. Төрөгелдиева проблемалык окутуу аркылуу мугалим менен окуучунун окуу ишмердүүлүктөрүн жогорку ийгиликтерге жете тургандай уюштурууга боло тургандыгын белгилейт [4. 111-б.].

Проблемалуу окутуу традициялык иллюстрациялап-түшүндүрмө жана репродуктивдүү методдордон кескин түрдө айырмаланат. Мисалы: Болочоктогу башталгыч класстын мугалимдерине, «2-класстагы ар бир окуучу, натуралдык сандын эсептөөнүн жана ченөөнүн жыйынтыгы экенин жана алардын кээ бир касиеттерин билүүсү керек» деп, көрсөтмө куралдар менен методикасын берсек ал иллюстрациялап – түшүндүрүү болуп калат. Мында биздин билим алуучуларыбыз өз алдынча корутунду жасоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат, корутундуну алар мугалимдин оюнун жыйынтыгы катарында даяр түрүндө гана ала алышат; алардын ишмердүүлүктөрү уккандарды жана көргөндөрдү эстеп калууга гана багытталып, ошону менен гана чектелет; ал эми проблемалуу окутууда болсо илимий маалыматтар студенттерге даяр түрүндө берилбейт.

Билим берүү максаттары үчүн проблемалык шарттарды түзүү аркылуу окутуу, проблемалык окутуу деп аталат.

Проблемалык окутуу төмөндөгү этаптардан турат: проблемалык шартты түзүү; проблеманы чечүү; проблеманын чечилишин жыйынтыктоо. Изилдөө процесси төмөндөгү удаалаштыктан турат: белгисиз, түшүнүксүз фактылар эмнелер экендигин жана эмнени изилдөө керек экендигин тактоо; проблеманы тактоо жана формулировкалоо; гипотезаны киргизүү; изилдөөнүн планын түзүү; белгисиз фактыларды тактоо жана алардын башкалар менен байланышын изилдөө; жыйынтыкты формулировкалоо; табылган жыйынтыктарды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү [4. 112 б].

Жогорудагы мисалда, натуралдык сан түшүнүгүн окутуу проблемасын изилдөөгө карата маалыматтарды тактоого, проблемалык шарттарды түзүү жана чечүү этаптары боюнча иштөөгө убакыт бөлүп берүү. Студенттер белгисиз, түшүнүксүз фактылар эмнелер жана эмнени изилдөө керек экендигин айтышат; проблеманы формулировкалашат; гипотезаны киргизишет; изилдөөнүн планын түзүшөт; белгисиз фактыларды такташат жана алардын башкалар менен байланышын изилдешет; жыйынтыкты жана аларды пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн айтышат.

Бул учурда билим сезимдүү кабылданат ошондой эле билимге өз алдынча изденүү менен эмгектенүү аркылуу гана ээ болушат. Проблеманы чечүүдө болочок мугалимдер илимдин методдору жана негизги идеялык багыттары менен таанышат, өз алдынча изденүүчүлүккө үйрөнүшөт.

Башталгыч класстын мугалимдерин даярдоодогу проблемалуулуктун зарылдыгына таасир этүүчү дагы бир фактору мектептерге заман талабына жараша окуу китептеринин чыгарылышы болуп эсептелет.

Башталгыч математикалык билим берүүдө проблемалуулук методун колдонуунун негизги максаты, кенже окуучулардын өз алдынча окуп үйрёнүү жана таанып билүү ишмердүүлүктөрүн калыптандыруу. Жогорудагы факторду чечүү зарылдыгы жогорку окуу жайларда болочок башталгыч класстардын мугалимдерин кесипке багыттап окутуу керектиги заман талабы болуп олтурат.

Каралып жаткан системанын маңызын, туура бере албаган мугалимдер да бар. Мугалимдердин айрымдары көнүмүш болгон стереотиптеринен баш тартыша алышпай, жаңы китептер менен эскиче иш жүргүзгөндөрү байкалат. Мисалы: китепте «маселенин чыгарылышын байка, эмне өзгөчөлүгү бар?» деген тапшырма окуучуларга берилген. Мугалим аны өзү окуп түшүндүрө баштайт да окуучуларда ойлонууга мүмкүнчүлүк болбой калат. Бул мүчүлүштүктөрдү жеңүү үчүн студенттик аудиториядан проблемалуу кырдаал түшүнүгүн колдонушубуз керек.

Проблемалуу кырдаал – бул объективдүү чындыкты туюнуп кабылдоо процессинде теориялык же практикалык мүнөздөгү маселени чечүүгө байланыштуу келип чыгуучу кандайдыр бир кыйынчылыкты адамдын сезиши, ал кыйынчылыктан чыгуунун чыгуунун ага белгисиз болушу, ошондуктан ал жолду издеп табуу зарыл экендигине анын толук ишенип түшүнүшү [1].

Адам өзүнө белгилүү болгон аракеттерди мурдагыдай жолдор менен аткара албай калган шарттарга туш келип, ошондуктан ал аракет кылуунун жаңы жолун издеп табууга аргасыз болгон учурларда, чыгармачылыктуу ойлонуу зарылчылдыгы келип чыгат [2].

Болочок башталгыч класстарына математикалык билим берүүдө төмөндөгүдөй проблемалык кырдаалдын түрлөрүн сунуштайбыз:

- Күтүлбөстүк кырдаалы.
- Чыр-чатак кырдаалы.
- Ылайык келбөө кырдаалы.
- Белгисиздик кырдаалы.
- Болжолдоо кырдаалы.
- Тандоо кырдаалы.

Жогорудагы кырдаалдарды түзүүчүн окутуу процессинде студенттер өз алдынча корутунду жасай алуу жөндөмдүүлүктөрүн жолго салып алат. Бул жерден атайын түзүлгөн катасы бар маселе, мисалдарды чыгарууну пайдалансак кыйла натыйжалуу машыккан болобуз. Мындай кырдаалдалдардан ой-жүгүртүүнү, көңүл бурууну жана байкагычтыкты өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ушул кырдаалдарда окутуучу, студенттерге ар кандай суроолор менен кайрылса болот. Мисалы:

Проблема кайсы?

Силер бул проблеманы кандайча чечет элеңер?

Белгисиз, түшүнүксүз фактылар эмнелер?

Эмнени изилдөө керек?

Гипотеза кандайча айтылат?

Изилдөөнүн планын кандайча түзөбүз?

Белгисиз фактылардын, башка түшүнүктөр менен байланышы кандай?

Кандай жыйынтык чыгат?

Чечилген проблема кайда пайдаланылат?

Студенттер суроолорго жооп берет жана ар кандай гипотезаны айтышат. Андан ары окутуучу: «Бул гипотезалардын кайсынысы туура экендигин кантип текшерүүгө болот?» деген суроону коёт. Студенттер болсо текшерүүнүн ар түрдүү жолдорун сунуш кылышат. Мына ошентип акырындык менен студенттер изденүү ишинде проблеманы чечүү ишине тартылат. Проблеманы чечүүдө изилдөөнүн этаптарын өз алдынча ишке ашыруулары зарыл.

Студенттерди методикалык жактан даярдоодо максаттуу түрдө математикалык ой - жүгүртүүнү өнүктүрүү проблемаларындагы математиканы окутуу теориясы жана методикасы менен педагогикалык психологиянын байланыштары өтө кылдаттык менен каралат [3]. Проблемалуу тапшырмаларды аткарууда бир эле эмес бир нече предметтер боюнча алган билимдерин пайдаланууга аргасыз болушат, демек билимдерди пайдалана билүүнүн практикалык ыкмаларына машыгышат. Натыйжада алардын билими өздөрүнүн ишенимине айланат, дүйнөгө болгон илимий көз караштары калыптанат.

Окутуунун проблемалык методдорун пайдаланууда илимий чындыктын кайдан келип чыккандыгын тажрыйба жүзүндө далилденет дагы, билим алуучулар ой-жүгүртүүгө үйрөнүү менен өз алдынчалыгы өсөт. Математикадан турмуштагы жана өндүрүштүк практикадан келип чыгуучу маселелерди талкуулоо, проблемаларды коюунун негизги ыкмалары болуп саналат.

Проблемалуу окутуунун маанисин аны ишке ашыруунун талаптарын алгач окутуучу өздөштүрүүсү зарыл ошондо гана окутуудагы проблемалуулукту талаптагыдай ишке ашыра алат.

**Адабияттар:**


1. Бекбоев И.Б. «Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. - Бишкек, 2011.
2. Бекбоев И.Б., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. - Бишкек. 2011.
3. Бекбоев И.Б., Ибраева Н.И. «Математика» 2-класс. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. - Бишкек, 2011.
4. Төрөгелдиева К.М. «Математиканы окутуу теориясы жана методикасы» 1-бөлүк. - Бишкек, 2014.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Сияев Т.М.**